**УДК.32**

**БОРБОДОЕВ Ж.М.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ, Бишкек*
***Borbodoev J.M.***
*J.Balasagyn KNU., Bishkek*
*Borbodoev@List.ru*

# УЛУТТАР АРАЛЫК ИДЕНТТҮҮЛҮКТҮ КАМСЫЗ КЫЛУУДА МАМЛЕКЕТТИК ЖАНА КООМДУК УЮМДАРДЫН ролу

## Роль государственных и общественных организаций в обеспечении межнациональной идентичности

## The role of the Government and social organizations in the securing the Ethnic International identity

***Аннотация:*** *булл макалада мамлекеттин жана коомчулуктун этностор аралык интеграциялык мамилелерди өнүктүрүү аркылуу улуттук иденттүүлүккө жетишүүдөгү ролу каралган.*

***Аннотация:*** *в статье рассматривается роль государства и общества в развитии межэтнических интеграционных отношений, в обеспечении национальной идентичности в Кыргызской Республике. В ней подчеркивается, что сохранение межэтнической толерантности, социального и национального равенства среди населения республики является одним из основных обязательств государственных структур и общественных организаций.*

***Annotation:*** *this article is about the role of the Government and the society in the International Ethnic integrational development and Relationship of the National Identity of Kyrgyz Republic. It is concerned the safety of the International tolerant, social and national equality among the population of Republic, it is the main duty of the Governmental structure and social organizations.*

***Негизги сөздөр:*** *этнос; этностук топтор; этностор аралык мамилелер; улуттар аралык мамилелер; титулдук улут; иденттешүү; улуттук биримдик.*

***Ключевые слова****: этнос; этнические группы; межэтнические отношения; межнациональные отношения; титульная нация; идентификация; национальное единство.*

***Keywords:*** *ethnicity; ethnic groups; ethnic relationship; international relationship; titular nation; identification; national unity.*

XXI кылымдын биринчи он жылдыгындагы Кыргыз Республикасында болуп өткөн саясий окуялар, өлкөнүн улуттук саясатынын бирден-бир аныктоочу приоритеттери катары эсептелген бардык улуттардын, этностордун жана социалдык топтордун кызыкчылыктарын коргоо маселесинде жаңы кадамдардын пайда болуусуна шарттарды түздү. Кыргызстандын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү декларацияда белгиленген өлкө жарандары улуттук айырмачылыгына карабастан Кыргыз Республикасынын бирдиктүү эллин түзөт жана республикадагы мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы болуп эсептелет, бийлик ээси эл жана ал эл үчүн кызмат кылат деген аныктаманын маани-маңызынын жарандар жана жалпы коомчулук тарабынан терең түшүнүүчүлүк менен кабыл алынуусунун зарылдыгын көрсөттү.

Кыргыз Республикасында бардык улуттун өкүлдөрүнүн укуктарын мамлекет тарабынан коргоо жана улуттар аралык мамилелерди ар тараптуу өнүктүрүү үчүн зарыл шарттарды түзүү милдети Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген. Республикада этностордун улуттук-маданий, тарыхый, руханий жана тил байлыктарын сактоо, өнүктүрүү, алардын социалдык-экономикалык талаптарын канааттандыруу жана тийиштүү материалдык каражаттар менен камсыздоо талаптарын аткаруу мамлекет көзөмөлүндө турган негизги маселелерден болуп эсептелет. Бирок, базар экономикасынын татаал шарттары, өлкө казынасын топтоодогу кыйынчылыктар, жумушсуздук жана башка көптөгөн социалдык көйгөйлөр булл багытта толук кандуу иш чараларды аткарууга тоскоолдуктарды жаратат.

Мамлекеттин бардык жарандарынын өз ара сый мамилелерин, алардын ишмердүүлүк тармактарында кызматташуу кызыкчылыгын арттыруу, этностор өкүлдөрүн ынтымакка, биримдикке, чыдамкайлыкка чакыруу аркылуу жарандардын арасында

этникалык аң-сезимдин коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн кызмат кылуу ийкемдүүлүгүнө жетишүүнү камсыз кылуу чоң мааниге ээ.

Жарандардын аң-сезимине илим, билим берүү, маданият тармактарында чоң ийгиликтерге жетишкен, республикадагы бардык
Этностук топтордун өкүлдөрүнүн аракети менен демократиялык коомду куруууга багыталган, экономикасы өнүккөн, адам укугу жана сөз эркиндиги биринчи планга чыккан, күчтүү мамлекетти куру идеясын терең орнотпой туруп, улуттук иденттүүлүктү калыптандыруу жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес.

Улуттук мамлекет атын алып жүрүүчү этностук топту тактоо үчүн саясат таануучулар жана адистер тарабынан улуттук этно маданият жана «генетикалык» түшүнүгү бир контексте колдонулган «титулдук этнос» терминине ылайык, Кыргызстанда кыргыз улуту «титулдук этнос» болуп эсептелет жана булл терминди илимий-саясий колдонууга алуу жергиликтүү калктын ар бир улут өкүлдөрүн баса белгилеген «жергиликтүү улут» түшүнүгүн алмаштыруу менен шартталат.

Мамлекеттик багыттуу жана максаттуу этно саясатты жүргүзүүдө калктын кеңири катмарынын ар кылдуулугун, татаалдыгын, алардын улуттук мамилелерге карата көз карашын жана этностук өнүгүү стратегиясын камтыган иликтөө материалдарына таянган фундаменталдык изилдөөлөрдүн негизинде системалуу анализ жүргүзүүсү зарыл жана көптөгөн көйгөйлөргө карабастан, этностук топтордун өз ара мамилелеринин натыйжалуулугун камсыз кылуу менен алардын арасында саясий жана этностук лоялдуу шарттарды түзүүсү абзел.

Республика территориясында жашаган бардык этностук топтордун кызыкчылыктарын коргоого жарамдуу жарандык коом институттарынын, өкмөттүк эмес уюмдардын, саясий партиялардын ишмердүүлүктөрү көп улуттуу мамлекеттеги саясий жана улуттар аралык туруктуулуктун сакталуусуна олуттуу таасир этет. Бул багытта иш алып барууда илим жана маданият ишмерлери, коомдук ишмерлер, саясий партиялардын, коомдук уюмдардын жана кыймылдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, мамлекеттик структуралардын жетекчилеринин ишмердүүлүктөрү да маанилүү ролго ээ болот. Анткени, алар биздин өлкөдө жарандык коомду калыптандыруунун спецификасын, ыкмаларын гана иштеп, таап чыгышпастан, этно улуттук иденттүүлүктү калыптандыруу, этностор аралык мамилелерди позитивдүү өнүктүрүү жаатында булл процессти ылдамдатуунун мүмкүн болгон жолдорунда аныктоолору керек.

Мамлекет жетекчилеринин ишмердүүлүктөрү жарандарга көрсөтүлүүчү кызматтын сапат деңгээлинин көтөрүлүшүнө, мыйзам актыларынын аткарылышынын камсыздалуусуна, адам укугун жана эркиндигин сактоого эл аралык демократия стандарттарынын деңгээлинде кепилдик берилүүсүнө багытталат. Өз кезегинде, Кыргызстандын ар бир жараны мамлекет мыйзамдарын урматтоо, аткаруу жана сактоо, өлкөнүн стабилдүү жана ар тараптуу өнүгүү зарылдыгына маани берүү, этностор аралык жана конфессиялар аралык чыдамсыздык, булл маселедеги деструктивдүү көрүнүштөр, мамлекеттин бүтүндүгүнө жана көз карандысыздыгына доо келтирерин түшүнүү, жоопкерчиликти сезүү менен мамиле жасоого тийиш.

Кыргызстанда этностук топторду консолидациялоо, алардын арасында саясий, маданий, экономикалык жана социалдык теңсиздиктерди жок кылууга юридикалык жактан гана эмес, чыныгы тең укуктуулукту тиричилик аракеттеринин бардык тармактарында реалдуу камсыз кылуу ар кылу жүргүзүлүлөт. Патриоттук сезимди күчөтүү жана демократиялык принциптерди колдонуунун ырааттуу ишке ашырылышы Кыргызстан элдерин баш коштурууга шарт түзөт. Жаңы типтеги социалдык жалпылыкты, элди, улуттук иденттүүлүктү калыптандыруу биздин өлкөдөгү бардык этностук жана социалдык топтордун жакындашуусунун обьективдүү процессин камсыз кылат. Жалпылыкты калыптандыруу Кыргызстан элинин республикадагы коомдук жана улуттук мамилелер системасынын позитивдүү өнүгүүсүнүн маанилүү көрсөткүчү. Бул жалпылык ар түрдүү этностордун мамлекеттин руханий жана социалдык-экономикалык жактан

гүлдөп өсүүсүнө көмөктөшүү максаты жана ошондой эле, Ата журтубуз да улуттук идентүүлүктү биргелешип камсыз кылуу идеясы менен биригишет.

Улуттук иденттүүлүктү камсыз кылуу процессинде айрым көйгөйлүү маселелерди чечүүдө мамлекеттик саясат абсолюттуу көпчүлүктөгү улуттун жарандарынын таламдарын коргоого жана алардын колдоосуна ээ болууга багытталуусу тийиш. Бирок, мында эгоизмге, принципсиздикке жана өң карамалуулукка орун бербөө шарт. Анткени, өткөөл мезгилдин кыйынчылыктары менен бетме-бет
Калган ар бир жаран жаңы реалдуу турмуштун шарттарынын ыгына көнүү процессинде өз күчүнө гана ишенүүсү тийиш. Ошондуктан, өлкөдө элдин жарандык коомду куру жолуна карай аракеттенүү, демократиялык принциптерди өнүктүрүү, трансформациялык процесстерге активдүү катышуусу үчүн оптималдуу шарттарды түзүү максатында, коомдук бирикмелердин жана уюмдардын, министирликтердин ишмердүүлүгүндөгү координациялоочу ролун күчөтүү зарыл.

Улуттар аралык мамилелердеги көйгөйлөрдү чечүүдө учурда саясий элитанын ордун аныктоого, ага негизги милдеттерди аткарууга мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө, жарандык укукту жана эркиндикти, адам укугу боюнча эл аралык документтерди, келишимдерди колдоого багытталган өзгөчө улуттук саясатты калыптандыруу менен катар ар бир этностук топ менен жекече иштерди алып баруу, алардын өкүлдөрүнө улуттук иденттүүлүктүн маани-маңызын түшүндүрүү, жеткирүүдө бирден-бирин струменттин ролун аткарууга багытталган өкмөттү көзүнчө кызматты түзүүгө зарылдык бар.

Саясий инновация рыногунда өз ара ишеним принциптерин, жалпы жарандык жана улуттук социалдык теңчилик идеясына ылайыкташтыруу абдан конструктивдүү жана жыйынтыктуу болор эле. Ал үчүн улуттук иденттүүлүктү калыптандыруу саясаты жалпы мамлекеттик улуттук саясатты жүргүзүүнүн стратегиялык багыттары менен эриш-аркак аралашуусу керек. Анткени, мында бир эле элге тиешелүү тегиздиктен, этностук топтор сыяктуу эле, жалпы кыргызстандыктарда дуушар болуп жаткан көйгөйлөрдүн бүтүндөй комплексине өтүүгө негизги акцент берилиши абзел. Улуттук иденттүүлүк этностук топторго бүтүндүктү, өз ара макулдашылган аракеттенүүнү камсыз кылат жана этностук мобилизацияны камсыздоо менен этностук топту башка социо-маданий жалпылыктарга карама-каршы коет. Өз кезегинде, этностук мобилизация саясий бийлик үчүн күрөшүүдө күчтүү инструмент жана фактор болуп эсептелет. Окумуштуу Ю. Хабермас, булл көйгөйлөр коомчулуктун саясий маданиятын көтөрүүгө тийиштүү шарттарды түзүү аркылуу чечилүүсү мүмкүн экендигин белгилеген.

Этно улуттук иденттүүлүккө жетишүүнү пландаштырууда саясий бийлик этно саясатта этностук топтордун социалдык-экономикалык статусун төмөндөтүүгө же анны жасалма көтөрүүгө жол бербөөсү шарт, анткени, мындай мамиле, өнүккөн укуктук мамлекеттерде да демократиялык стабилдүүлүк шарттарына карабастан, ажырымга жана идеялык-саясий чыр-чатактардын пайда болуусуна алып келет. Ошондуктан, Кыргызстанда демократияны стабилдештирүү боюнча чараларды камтыган этностор аралык мамилелерди башкаруу программасын иштеп чыгуу зарыл.

Кыргызстандагы этностук топтордун конкреттүү жашоо тажрыйбасы ар түрдүү этностордун мобилизациялык потенциалы ар кандай экендигин көрсөтүп турат.

Мамлекеттик башкарууда айрым учурда, улуттук маданиятты кайра жаратуу, сактоо максатында этностук мобилизацияны демилгелөөгө тура келсе, башка бир учурларда, өлкөдөгү башка этностордун өкүлдөрүнүн укуктарынын бузулбашын камсыз кылуу максатында, этностук топтордун лидерлеринин жана улутчул маанайдагы коомдук уюмдардын активдүүлүктөрүн чектөөгө багытталган зарылдык пайда болот. Ошондуктан, мамлекеттик органдардын алдында өлкөдө мамлекеттик (улуттук) жана этникалык кызыкчылыктар арасында консенсусту камсыздоо, ар кандай чыр-чатактардын пайда болуусунан оолактоо үчүн шарт түзүүгө багытталган этно саясатты иштеп чыгуу милдети келип чыгат.

Мамлекет тарабынан Кыргызстандагы этностордун социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүн жогорку деңгээлде камсыз кылуу биздин көп улуттуу мамлекетибиздеги улуттук маселелерди чечүүдөгү негизги көйгөйлөрдөн болуп саналат. Этностук топтордун укуктук теңчилиги социалдык-экономикалык, маданий сферадагы чыныгы теңсиздикти жоюу маселесин азырынча чече албайт. Коомдо мындай теңсиздиктин орун алышы улуттук ышкыбоздуктун чыңалуусуна, жарылышына жана этностор аралык карама-каршылыктардын күчөшүнө, алардын негизинде этностор аралык тең салмактуулуктун бузулуусуна алып келүүсү мүмкүн. Формалдуу теңдик – улуттук маселелерди жалпысынан зарыл өлчөмдө чече ала турган күчтүү категория эмес. Мындай учурда жаңы типтеги коомду

Куруда үстөмдүккө ээ болуучу элементтер бир топ мааниге ээ болот. Бул мамлекет кызыкчылыгын коргоо жана мамлекеттүүлүктүн жаңыча курулушуна негиз салу түрүндө каралуучу мурдагы режимдердин этно саясаттагы ишин улантуудан көрүнгөн коллективдүү менталдык деңгээлде сакталуучу традициялык саясий маданияттын элементтери.

Ошентип, саясий бийлик, этно саясий маселелерди аткаруу, улуттук иденттүүлүктү калыптандырууда олуттуу жыйынтыктарга жетишүү максатында, көздөгөн максатты ишке ашырууда, калктын жардамына ишенүү менен, этностор аралык жана социалдык түшүнүшүүгө, саясий баалуулуктарды калыптандырууга, личносттун саясий маданиятына, жарандардын аң-сезимине, жүрүм-турумуна жана мамилесине таасир кылууга умтулуусу зарыл. Мындан жалпы саясаттын маанилүү элементи катары мамлекеттин этно саясаты түзүлөт. Улуттук мамлекеттүүлүктү калыптандырууга таянган улуттук иденттүүлүктүн формасын курууда, баарынан мурда, бирдиктүү улуттук негизде, жаңы маданий саясатты иштеп чыгуучулар катары саясий элита маанилүү ролду аткарат.

Кыргызстанды жер деген бардык этностук топтордун улуттук кадыр баркын көтөрүү–биздин коомдогу өзгөрүүлөрдүн чоң жетишкендиги. Улулуттук иденттүүлүктү калыптандыруу саясатында мамлекеттик жана коомдук уюмдардын жарандарды патриоттулукка тарбиялоого кам көрүү, улуттар аралык ынтымакка жетишүү, анны чындоо жаатында жүргүзүп жаткан позитивдүү процесстердин жыйынтыгы экендиги талашсыз.

Бирок, эгерде кайсы бир конкреттүү жерде улуттук факторду абсолютташтырууга бир жакту басым жасоого акцент берилип, чыдамкайлык жана бири-бирин сыйлоо маселеси көз жаздымда кала турган болсо, анда, ынтымакта жашоону анча кабыл ала бербеген адамдардын аң-сезиминде акырындык менен деформацияланган улуттук сезим, улуттук эгоизмге айланып кетүүсү мүмкүн.

**Адабияттар**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Б., 2011.
2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендиги жөнүндө Декларация. Б., 1990.
3. Хабермас.Ю., Демократия. Разум. Нравственность. – М.: Наука, 1992. – 176 с.